| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУНУН<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП<br>ТЮПСКОГО РАЙОНА** |

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын XIV--сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 9-декабры **№90** Түп айылы

**Түп айылынын Тюпская көчөсүндөгү 2200,0 кв.м. жер тилкесинин багытын өзгөртүүгө уруксаат берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 4-пунктуна таянып жана 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" № 123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде Түп айылдык Кеңешинин XXIX -чакырылышынын XIV-сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айылынын тургуну Шаршеналиев Шахтер Асангазиевичке таандык Түп айылынын Тюпская көчөсүндөгү №1а дарегинде жайгашкан 2200,0 кв.м. жер тилкесинин багытын айыл чарба ишкана (П-1) зонасынан калктуу конуштун жеке короо жай курулушунун (Ж-1) зонасына которууга уруксаат берилсин.

2. Түп районунун шаар куруу жана архитектура башкармалыгы аркылуу аталган даректеги 2200,0 кв.м. жер тилкесинин зоналык категориясынын багытын өзгөртүү боюнча которуу иштерин алып бару жагы Ш.Шаршеналиевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**